УДК: 82-31

**Ажыматова Зулхавра Камчыбековна**
Соискатель, НАН КР институт философии
**Azhymatova Zulhavra Kamchybekovna**
Applicant, Institute of Philosophy, National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic
**Ажыматова Зулхавра Камчыбекова**
КР УИАнын Философия институтунун изденүүчүсү

## ФИЛОСОФСКИЕ ИДЕИ РОМАНА «ЖАНЖАЗА» СУЛТАНА РАЕВА

## СУЛТАН РАЕВДИН «ЖАНЖАЗА» РОМАНЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯЛЫК ИДЕЯЛАР

## THE IDEA OF THE NOVEL «ZHANZHAZA» BY SULTAN RAEV

**Аннотация.** В статье рассматривается философский смысл романа Султана Раева «Жанжаза». В работе подчеркиваются противостояние духовных ценностей и разрушительных сил, а также поиск смысла человеческого существования.
**Ключевые слова:** Султан Раев, Жанжаза, философия, вечность, душа, исторические образы, смысл жизни.

**Аннотация:** Султан Раевдин «Жанжаза» романы кыргыз адабиятынын жаңы доорундагы терең философиялык чыгармалардын бири болуп саналат. Романда адамдын жашоодогу руханий изенүүсү, өлүм менен жашоонун маңызы, жандын кайра жаралышы жана түбөлүктүүлүк темалары көтөрүлөт. Автор мифологиялык образдар менен тарыхый кейипкерлерди айкалыштырып, адам тагдырынын жана коомдук аң-сезимдин татаалдыгын чагылдырат. Чыгарманын негизги философиялык идеясы – адамдын руханий эркиндиги жана түбөлүктүүлүк үчүн күрөшү болуп эсептелет.
**Негизги сөздөр:** Султан Раев, жанжаза, философия, түбөлүктүүлүк, жашоо жана өлүм, жан дүйнө, тарыхый образдар.

**Annotation**. Sultan Raev s novel «Zhanjaza» is one of the profound philosophical works in modern Kyrgyz literature. The narrative explores themes of spiritual quest, the meaning of life and death, reincarnation of the soul, and the concept of eternity. By intertwining mythological figures with historical characters, the 4 core philosophical idea of the novel lies in humanity s pursuit of spiritual freedom and immortality.
Keywords: Sultan Raev, zhanzhaza, philosophical novel, spiritual freedom, eternity, life and death, soul, mythology, historical characters.

Кыргыз эл жазуучу, драматруг Султан Раевдин «Жанжаза» романы бүгүнкү күндө көптөгөн тилдерге (орус, түрк, казак, өзбек, азербайжан, англис, немис, корей, итальян) которулуп, роман жөнүндө жазылган ой-пикирлер, көз караштар, кызыгуулар күндөн күнгө арбып барат. Чыгарманы кызыгуу менен окуп чыккан окурман катары өз пикиримди билдиргим келди.

«Жанжаза» романы көп тармактуу, көп тематикалуу, айтайын деген ою кенен, жалпы адамзаттык маселени камтыган бийик чыгарма. Негизги өзөк – адамдын жаны, анын жарык дүйнөгө келиши, тагдыры, кубанычы, сүйүүсү, милдети, жакшылыгы, жамандыгы, күнөөсү, жазасы, кечээгиси, бүгүнкүсү, эртеңи... Чыгармадагы «жанжаза» - жаңы термин, жаңы түшүнүк, жаңы маани. Чыгарма ар тараптуу ракурстан карап изилдене турган, масштаптуу, идеяга бай, айтайын деген ою кенен философиялык чыгарма. Негизги идея - кандай болуп жаралганы, кандай бо-

луп бүтөөрү белгисиз, эзелтеден талаш болуп келген адам жаны, адам жашоосу.

Адам жанынан башка макулуктар дагы жанга ээ. Адам өзүнүн адамдык касиети менен жашай албай, күнөөгө батса, макулукка, чымын-чиркей, жылаанга окшоп жашаса, күнөөсүнөн арылыш үчүн кайра макулук, чымын-чиркей, жылан болуп жаралып, өз ажалы менен өлбөй, жылаандын уусунан өлүп жазасын алып жаткан жокпу? Бул чыгарманы окуганда Чыңгыз Айтматовдун «Канткенде адам уулу адам болот», «Эң кыйыны, күн сайын адам болуу» деген түбөлүктүү фразалары эске келет. Чыгармадагы каармандар дүйнөнү дүңгүрөтүп, өздөрүн дүйнөнүн ээси сезген тарыхый инсандар. Алар жетөө: Император, Исендер Зулкарнайн, Лир, Чыңгызхан, Таиса Афинская, Клеопатра, Козучак, тагыраагы, өздөрүн алар деп эсептеген, жиндиканадан качып чыккандар. Буларды эмне бириктирип, эмне жалпылап турат? Автор эмнени айткысы келип жатат? Максат эмне?.. Көрсө, ким болбосун ал – адам экен, Жаратуучу тарабынан жаратылган көр пенде экен. Анын жаралуусу менен бирге өлүүсү да бар экен. Жараткан аны сүйүп, адамча жашоо үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрүн кошо жаратып, акыл, сезим, сүйүү, жек көрүү, кечирим, кек, ач көздүк, айкөлдүк, адам сыпатына таандык жакшы, жаманын баарын бир адамга сыйдырып жараткан да, кантип, кандай жашону - тандоону адамдын өз эркине койгондугунда. Адамзат жашоосу түбөлүктүү, бирок адам жашоосу кыска, өлчөлүү. Жараткандын пенделери ошол кыска аралыкта адамча жашай алабызбы? Романдагы маселе, идея, ой жер планетасындагы ар бир адамга таандык. Кайсыл мезгил, мейкиндик, убакытта жашаса да, ал биринчи кезекте адам, адамдык касиет-сапатка ээ, жалгыз келип, жалгыз кетүүчү жан. Философиялык көз караштан караганда ар бир адамдын жаралышы өзүнчө жекелик феномен. Дүйнө жүзүндө канча адам болсо ошончо жекелик, ошончо жеке тагдыр, жеке ой жүгүртүү, жеке жүз, жеке сезим, жеке көз караш, жеке жаралуу, жеке өлүү, кыяматта да жеке жооп берүү... Ушул жекелик же жалгыздык түшүнүгү «Жанжаза» романында кандай берилген? Бул өтө белгилеп көрсөтө турган табылга. Чыгармада окуялар, каармандар бири-бири менен ширелишип, бирин-бири толуктап турат. Ар бир каармандын тагдыры жеке бир бүтүмдүк, ошол эле учурда баарына таандык жалпылыкты кармап турат. Ал – сен ким болбогун, Чыңгызхансыңбы, Императорсуңбу, Искендер Зулкарнайнсыңбы, Лирсиңби, Таиса Афинскаясыңбы, Клеопатрасыңбы, Козучаксыңбы айрымасы жок, Улуу Жашоо алдында, он сегиз миң ааламды жараткан Кудай алдында, жеке абийир үчүн жооп берүү! Автор өтө таасирлүү, үрөй учурган эпизоддор менен ар бир каармандын тагдырын жеке өздөрүнүн кылган күнөөлөрүн өздөрүнө эстетип, көз алдына келтирип, жанын азаптантып сүрөттөө менен көрсөтөт...

Кылыч мизинен адам каны суудай агып, дүйнөнүн жарымын багындырган Чыңгызхандын арманы да, азабы да, жазасы да анын согуш талаасында, душмандын кылычынан ат үстүндө өлө турган баатырга баатырча өлүм буйрубай, бүтүндөй бир урууну тукум курут кылып жиберген Тунгут кызынын колунан жыланга чактырылып, жыландын уусу таркабай, дарысы табылбай, төшөктө жатып өлгөнү болсо, экинчи жан күйгүзөн азабы, жанжазасы – ушул кыз, кыздык намысын алып, жан рахатка баткан кыз, бир кезде эркектик жолун ачкан келиндин боюнда кеткен, Тунгут канынын бакма өгөй кызы - өзүнүн кызы экенин билгени! Өз кызына өзү аңги болуп, өз кызынын колунан жыланга чактырылганы! Үчүнчү азабы, жанжазасы – кыркынчы урпагына чейин каргышка калганы, кыркынчы урпагынын жинди болуп, акылдан ажыраары! Мындан артык жаза барбы?!

Кылган күнөөсү, тагдыры, өлүмү, тарткан жазасы да окшош экинчи каарман - Искендер Зулкарнайн. Дүйнөнү кылычтын мизи менен багындырып, басып алган жерлерин өрттөп, кыз-келиндерин кордоп, туткундарын шылдың кылып, мазактап өлтүрөт. Ага да ыраазы болбой, өзүн Кудай сезет. Көрсө, ал Кудай эмес экен, Кудайдын сүйүп жараткан, зор күч, мүмкүнчүлүк менен таланттардын баарын бир башына, бир денесине сиңирип, бу жарыкка сыноо үчүн жиберилген көр пендеси экен. Ал ошол Кудайдын аманаттарына кыянаттык кылып, күчүн, акылын, талантын кыйратуучу, жок кылуучу жакка жумшайт, колунан келсе Кудайдын ордунда болгусу келет. Искендер Зулкарнайн ажалы жыландан экенин алдын ала көзү ачыктардан билет. Эч кимден коркпогон Искедер жыландан кор-

кот эле, эми жан алчу Азезил жылан болуп келээрин билгенде, болгон күчүн жыландан коргонууга жумшайт, бирок кылган кыянаттарынын азабын тарта турган күндөн качып кутула албайт. Автор чебер калемгер катары кантип жылан Искендер Зулкарнайндын артынан түшүп, кандай амал-айлалар менен ага жетип, кантип чагып өлтүргөн жерлерин жогорку деңгээлде сүрөттөйт: «...Вавилондун бул түнү өзгөчө жылдыздарга толду, асман бетин бербей жайнаган жылдыздар бу түнү демейдегиден башкача, демейдегиден кооз таасир калтырат. Ошол таруудай чачылган жылдыздардын жарыгынан жол таап, бирде ат туягына, бирде арабага, бирде бош куржунга, бирде жемсөөгө жармашып, баягы ок жылан да Семирамида багына келди. Бейиш багынын арыктарынан, суу түтүкчөлөрүнөн, миндалдардын, мажүрүм талдардын арасынан өтүп, жылан Үлпөт сарайга келди. Бул макулук жыландын биерге келгенин чырылдаган чымчыктар гана, анда-санда от арабага чегилип, чоң жолдон үркүп чыга калган аттардын кишенегени гана билдирбесе, аны эч ким байкабады. Кара жиндин пашасы Гузастанын айткан дегени, дуба күчүнө сугарылган ок жылан бул сарайга эчен кыйла жол кезип, дабан ашып, жер жыттап келди. Жыландын мээсинде бир гана ой, Гузастанын кара күчү колдоп, жыландык кегин алса, Искедер Зулкарнайндын жанына жетип, уу тиштерин матырып алса, андан соң акыр заман түшүп, дүйнө чакчалакей түшсө да баары бир эле. ...Каргыш уран Вавилонго ушу учурда келген Гузастанын ок жыланы Искендер Зулкарнайнды Семирада багынан таппай калды. Гузастанын ок жыланынын өзгөчө касиети да бар эле, ал таноосуна бир сиңип калган жытты эч качан унутпайт эле. Искендер Зулкарнайн дарыянын аркы өйүзүндө жатканын ал сезип жатты. Бул жылан түн жамынып, Ифрат дарыясынан өтүп, ушул түнү калың бак ичиндеги жайга келди. Жылан боору менен сойлоп, караңгы бөлмөгө киргенде, үлпүлдөп жанып турган эки шамдын ортосунда өң алеттен кетип өлүм алдында турган Искедер Зулкарнайнды көрдү...» дейт да, андан ары ок жыландын Искендер Зулкарнайнды кантип чагып өлтүргөнү өтө чеберчилик менен көркөм сүрөттөлөт. Албетте, автордун көркөм чеберчилиги жөнүндө атайын сөз, атайын изилдөө болушу керек. Биз бул жерде бир үзүм сүрөттөөнү берүү менен Искендер Зулкарнайнды кандай жаза күтүп жатканын көрсөткүбүз келди.

Искендер Зулкарнайндын өлөөрүндөгү жан азабы, кан какшаткан бир арманы – жарадар болуп жатканда жакындарынын бири жок, жанында эки эле жансакчысы калып, ишенгендери бийликке көз артып, анын ордун басып калууга ашыгып, ал турсун ошол эле жакын деп эсептеген адамдар апасы Олимпиаданы мууздап өлтүрүп, ордо талашка түшкөнү болсо, экинчи арманы, жөн арман эмес, азаптуу, жуулгус арманы, жанжазасы – өлгөндөн кийин жаны ошол учурда, ошол жерде зыңылдап учуп жүргөн чиркейге өтүп, андан ары отуз үч ар кандай жан-жаныбарлар, макулуктарга өтүп отуруп, аягында отуз үчүнчү жолу кайрадан өзүн чагып өлтүргөн жыланга өтөөрү! Мына жаза!

Дагы бир каарман - Таиса Афинская болсо, Искендер Зулкарнайндын кол башчысы Птолемейдин ойношу. Мени сүйсөң ушул шаарды өрттө деп, бүтүндөй бир шаарды өрттөтүп жиберген, ашынган көпкөн, аягы суюк аял. Анын жанжазасы да аянычтуу.

Кийинки каармандар: Император, Клеопатра, Козучак жана Лирдин тагдырлары да мурунку жашоолору менен кийинки жашоолору бири-бирин толуктап, жуурулушуп, кылдат байланыштырылып, кылган кыянаттарына жараша алган жазалары ишенимдүү сүрөттөлөт.

Адатта жазуучулар өз элинин, тагыраагы, бир улуттун, бир адам тагдыры аркылуу дүйнө элдерине таандык маселени алып чыкса, Султан Раев тескерисинче, дүйнөгө таанымал, тарыхый инсандардын тагдыры аркылуу ар бир адамга таандык маселени көтөрөт.

Адам ата тарыхынан бери жакшылык-жамандыктын күрөшү, бул – бир адам менен экинчи адамдын, бир эл менен экинчи элдин күрөшү эмес, бир адамдын ичиндеги бири-бирине келишкис эки зор күчтүн күрөшү. Биринчиси – адамга таандык бардык оң сапаттар, экинчиси – терс сапаттар. Адам өзүндөгү эки келишпес күчтүн кайсынысына баш ийип, кайсынысынын жолу менен баратканын аңдай алабы? Башканын кемчилигин, кемтигин, катасын байкагандай, өз кемчилигин, катасын байкаганга, өзүн-өзү

башкарганга акылы, эрки жетеби? Адамдын эң коркунучтуу душманы өзүндө, ал - анын напсиси. Байлыкка, бийликке тойбой акылга сыйбай турган кыянатчылыкка жетип, өзүнүн бир бечара пенде экенин унутуп, Кудайды таанып калганында. «Жанжаза» романынын каармандары дүйнөнү башкарган, өздөрүн адам эмес Кудай деп эсептегендер, бирок баары өз денесинде, жандарында жабышкан напсинин курмандыктары.

Убакыт, мейкиндиктин айлампасында ким болбосун Жаратуучунун алдында бирдей. Бир да жан Жараткандын көз жаздымында калбайт, баарынын жеке кыямат күнү, жеке ала турган жазасы бар. Бул – кынтыксыз аткарыла турган жашоо мыйзамы. Кылган кыянатчылыгына жараша падыша жыланга айланып, жылан падышага айланып калышы толук мүмкүн. Романдагы жаңылыктын дагы бири – реинкарнация, адам жанынын башка жанга, же макулукка өтүп кайра жаралуусу. Бул да өзүнчө атайын изилдөөнү талап кылган темалардын бири. Чыгарма окурманды ойго салат. Кечээ болуп өткөн тарыхый инсандардын трагедиялуу тагдыры бүгүн кайталанып жаткан жокпу? Реалдуу жашоодо болуп жаткан катаклизмдер көз алдына тартылат, жеке өз тагдырында болгон катачылыкты көрөт, ар бир иштин сурагы боло турганын мурда билген болсо, эми өзүнүн напсиси өзүн жеңип кыянатчылыкка бараткан жокпу, ойлонот. Бейиштей болгон жер шарындагы ак-каранын күрөшү тынымсыз жүрүп, бийликтин, байлыктын, аялдын кумары ата менен баланы, бир тууган менен бир туугандыры кас кылганын көрөт, мурда байкабай, маани бербей жүргөн болсо, эми аны айлана тегеректен, бийликтен баштап үй-бүлөгө чейин, коомдун бардык тарабынан көрө баштайт. Кандай гана чыгарма болбосун, аны окуган окурман ал чыгармадан өзүн тапса, өзүн көрсө анда ал адамдардын жүрөгүнөн түнөк таба алган чыгарма, чыгарманын баалуулугу ошондо. Чыныгы искусстводо, адабиятта чек ара болбойт, ал - жалпы адамзатына таандык байлык. «Жанжазанын» да күн сайын окурмандарынын арбып, көптөгөн тилдерге которулуп чыгып, айрым жерде суроо талапка ылайык кайра-кайра басылып чыгып жатканынан романдын канчалык баалуу экенин байкоого болот.

Чыгарманын маңызы, идеясы – Кудай таануу (дин менен чаташтырбаш керек), адам таануу, өзүн-өзү таануу. Ар бир адам ааламдын кучагында, аалам ар бир адамдын кучагында, ар бир адамдын жаны өзүнчө аалам экендиги. Жер планетасындагы жалпы адамзатын бириктирүү. Анткени Жаратуучу – бирөө, Адам үчүн жараткан жер шары - бирөө, Жер бетиндеги адам аттуунун баары – бир ата, бир эне, Адам ата, Обо энеден. Маселе бирөө – адамдын адам болуусу. Мына ушул идеяны бериш үчүн чыгармадагы каармандар кылдат тандалып, баары билген, баарына тааныш тарыхый инсандардын тагдырын чагылдыруу менен жеке адамдын көңүлүн өзүнүн адамдык сапаттарына баам салууга бурат.

Чыгарма каармандардын трагедиясы жана сүйүү сезиминен жаралган үлбүрөгөн үмүт менен аяктайт. Анткени жашоонун өзү сүйүү, Кудай ар бир пендесин сүйүп жаратат. Сүйүү – жаралуу, улануу…